**Мурабаха боюнча көп берилүүчү суроолор**

**1. Мурабаха деген эмне?**
**Жооп**:
Мурабаха — бул ислам каржылоо куралы. Анын негизинде банк кардардын өтүнүчү менен товарды сатып алып, ага алдын ала макулдашылган баа жана белгиленген үстөк баа менен кайра сатат. Кардар бул сумманы белгиленген мөөнөт ичинде бөлүп төлөйт.

**2. Мурабаха кредит болуп эсептелеби?**
**Жооп:**
Жок. Мурабаха —кредит эмес, бул соода келишими. Банк кардарга акча бербестен, товарды сатып алып, аны алып-сатуу келишими аркылуу сатат.

**3. Мурабаха аркылуу накталай акча алса болобу?**
**Жооп:**
Жок. Мурабаха — конкреттүү товар же кызматты каржылоо үчүн колдонулат. Накталай акча берүү же товарсыз каржылоо жүргүзүү уруксат берилбейт.

**4. Товарды ким сатып алат — кардарбы же Банкпы?**
**Жооп:**
Адегенде товарды Банк сатып алып, анын мыйзамдуу ээси болот. Андан кийин банк товарды Мурабаха келишими аркылуу кардарга сатат. Ушундан кийин гана кардар товарды кабыл алат.

**5. Мурабаха аркылуу кайсы товарларды сатып алууга болот?**
**Жооп:**
Шариатка жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бардык товарларды каржылоого уруксат берилет. Адатта булар: кыймылсыз мүлк, транспорт, жабдуулар, техника, курулуш материалдары, мал-жандык жана башка активдер.

---

**6. Мурабаха менен кадимки рассрочканын айырмасы эмнеде?**
**Жооп:**
Мурабаха — бул ислам талабына ылайык бөлүп төлөөнүн бир түрү:
• товарды адегенде Банк сатып алат;
• кошулган үстөк баа алдын ала белгилүү;
• бүтүмдүн түзүмү толук Шариат талаптарына жооп берет.

**7. Мурабаханы расмий түрдө алуу үчүн кандай документтер керек?**
**Жооп:**
Адатта төмөнкүлөр талап кылынат:

•паспорт же ID-карта;
• арыз;
• кирешени тастыктаган документтер;
• негиздөөчү документтер (юридикалык жактар жана ИПлар үчүн);
• ошондой эле Банктан кошумча талап кылынган документтер.

**8. Мурабаханы мөөнөтүнөн мурда төлөп бүтүрсө болобу?**
**Жооп:**
Ооба, мүмкүн. Банк өз чечими менен калган үстөк бааны бир бөлүгүнө жеңилдик бериши мүмкүн, бирок бул Шариатка ылайык милдеттүү талап болуп эсептелбейт.

---

**9. Эгер кардар төлөмдү кечиктирсе эмне болот?**
**Жооп:**
Айып пайыздары алынбайт. Бирок Шариатка каршы келбеген түрдө кайрымдуулукка багытталган айып салынышы мүмкүн же келишимде каралган башка чаралар колдонулат. Бул каражат банкка пайда алып келбейт.

---

**10. Кардар товар менен сатуучуну өз алдынча тандай алабы?**
**Жооп:**
Ооба. Кардар товарды жана сатуучуну өзү тандайт. Банк ошол товарды сатып алып, Мурабаха негизинде кардарга сатат.

---

**11. Мурабаха менен Ижара (лизинг) ортосунда кандай айырма бар?**
**Жооп:**
• Мурабаха келишиминде товар дароо кардардын менчигине өтөт.
• Ижарада товар келишим бүткүчө Банктын менчигинде калат (аренда түрүндө берилет).

---

**12. Шариаттык кеңештин курамы кимдерден турат?**
**Жооп:**
1. Шергазиев Жоробай Эсанович — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин төрагасы, КМДБнын фатва жана диний адабияттар бөлүмүнүн башчысы.
2. Жээнбеков Нематулла Пусурманкулович — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин мүчөсү, Жалал-Абад облусунун мусулмандар казысы.
3. Акматжан Жумадыл — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин мүчөсү, Ибн Халдун атындагы Ислам институтунун директору (Арчалы айылы).